# КЫРГЫЗ ТИЛИН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫНА НЕГИЗ САЛГАН ОКУМУШТУУ-ПЕДАГОГ - С. НААМАТОВ

**Бийгелдиева Н.А.**

*Бийгелдиева Нуржан Абдыгуловна - п.и.к., доцент, С. Нааматов ат. НМУ, Нарын ш.*

*Аннотация Макалада эне тилди окутууну илимий-методикалык жактан алгачкылардан болуп иликтөөгө алган, ага негиз салган окумуштуу-педагог С. Нааматовдун эмгектери талдоого алынып, азыркы кыргыз тилин окутуунун методикасын- дагы орду көрсөтүлдү.*

*Түйүндүү сөздөр:кыргыз тилин окутуунун методикасы, окумуштуу-педагог, грамматика, байланыштуу кеп, сөз өстүрүү, оозеки кеп, жазуу кеп, компетенттүүлүк, тил, текст, ойлоо, таанып-билүү.*

Кыргыз тилин окутууну илимий-методикалык жактан алгачкылардан болуп иликтөөгө алган, ага негиз салган окумуш- туу-педагогдордун ичинде С. Нааматов өзгөчө орунду ээлейт. Ал кыргыз тили боюнча алиппе жана башка окуу китептерин иштеп чыгууга активдүү катышуу менен бирге, эне тилин окутуунун методикасына түздөн-түз кайрылып, бул маселе боюнча бир нече эмгектерди жазган. Анын «Эне тилинин методикасы» (1930), «Тилибиздин методикасы» (1932), «Балдар алиппесин окутуу методу» (1933), «Балдар алиппеси метод катары» (1934), «Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтүүсү» (1935) ж.б. эмгектери - кыргыз тилин окутуунун методикасы боюнча жазылган алгачкы эмгектерден. Окумуш- туунун жазган китептери алгачкылардан болгондугу менен гана эмес, баарыдан мурда, эне тилин окутууга өзгөчө көңүл бургандыгында.

Алгачкы болуп С.Нааматов эне тилин окутуу, үйрөтүү, сабат ачуу жумуштарын тилдин ички түзүлүшү менен эмес, анын коомдук функциясы, адам турмушундагы орду, эң кызыктуусу тилди ойлоо менен биримдикте карап, ошол карым- катышта, байланышта окутуунун зарылдыгын белгилеген.

Окумуштуу-педагог «Балдар Алиппесин окутуу методу» аттуу эмгегин 1933-жылы жазган. Анда балага тыбышты, муунду, сөздү, сүйлөмдү туура үйрөткөндө гана алардын маанилери түшүнүктүү болору шексиз экендиги белгиленген [4].

Алиппени окутууда керектүү материалдар катары кесме тамгаларды, алиппедеги сүрөттөрдү, табият, эмгек жана баш- калар жөнүндөгү окуу-жазуу үчүн керек болгон көрсөтмөлүү куралдарды б.а. дидактикалык материалдарды эсептеген.

С.Нааматовдун “Тилибиздин методикасынан”, “Биринчи жылдыктардын тилдерин өстүрүү” жана “Кичинекей колхоз- чу” эмгектеринде окуу-жазууга үйрөтүү методу кыргыз мектептеринде кандай иштелүүсү керектиги көрсөтүлөт. Мугалим бере турган сабагынын планын окуу-жазууда иреттүү колдоно турган методун ачык билүүсүтуурaлуу айтылат [3].

“Окуу материалдарын аңгеме, сүрөт, экскурсия, мугалимдин ангемеси, китеп ж.б алуу керек, алар көнүгүүлөр жана билимдер менен байланыштуу болуусу шарт. Окуу жана үйрөтүү жумуштары комплекстүү материалдардан туруп, жаңыдан үйрөтүлүп жаткан материалдар менен билимдер мурунку өтүлгөндөр менен байланыштуу өтүлүүсү керек. Окуу-жазууну үйрөтүүдө көмөкчү материалдар колдонулат”,- деп “Биринчи жылдардын тилдерин өстүрүү” аттуу методикалык эмгегинде көрсөткөн [3].

С.Нааматов эне тилин окутуу, үйрөтүү, сабат ачуу жумуштарын тилдин ички түзүлүшү жана анын коомдук функциясы, адам турмушундагы орду, эң кызыктуусу тилди ойлоо менен биримдикте карап, ошол карым-катышта, байланышта окутуунун зарылдыгын белгилөө менен окуучуларга байланыштуу кепти компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун башатын түзгөн.

Тил өстүрүүдө мектептин милдети катары баланын тилдеги өзгөчөлүгүн жоюуну көрсөтүп, алардын сөздөрүн өстүрүү үчүн төмөнкү жолдорду берген:
- грамматикага карай сүйлөтүү;
- бар эмгектерди түшүнүктүү болгон тилде үйрөтүү;
- ачык түшүнүктүү терминдерди колдонтуу;
- балдарды окууга көнүктүрүү;
- өздөрүн сүйлөтүп жаздыруу;
- сүйлөгөн сөздөрүнүн ачык, даана, жеңил, туура, түшүнүктүү болушуна жетишүү;
- балдарды пландуу сүйлөөгө үйрөтүү.

"Тил өстүрүү үчүн балдар өздөрү сүйлөөсү керек. Кемчиликтер мугалим тарабынан түздөтүлүп, аңгеме иретинде ай- тылсын. Муну бала байкап калып, экинчи жолу сүйлөгөндө өз кемчилигин өзү жойгудай болсун", - деп белгилеп, улуу педагог балдардын сөздөрдү ойлоп табуусу жана аны колдоно билүүсү үчүн 3 түрдүү жолду көрсөтөт:

1. Мугалим теманы айтып, мазмунду айтпай, мазмунду балдардын өздөрүнө издетүү;
2. Теманы айтуу менен катар, мазмунду бир далай орунуна чейин мугалим айтып келип, ангеменин тыянагын балдардын өздөрүнө издетүү;
3. Тамсилдер аркылуу, балдардын ойлоо-сүйлөөсүнө жетишүү [3, 24-б.]

Балдардын тилин өстүрүүдө суроо-жооп чоң орун алат. Муну экиге бөлүүгө болот: кичинекей суроо, көлөмдүү су- роо.Ар бир негизги суроо берилишинен кийин, балдар ойлонуп жооп бергендей болуусу керек. Эне тил программасы неги- зинен төмөнкүлөрдөн түзүлүшү керек:
- балдар өздөрүнүн байкоолору, көргөндөрү, баштарынан өткөргөндөрү, иштегендери жөнүндө оозеки кеп менен көрктүү айтып берүү;
- өзүнүн оюнун, эмгектенгенинин аткарылышы жөнүндө кыскача түшүнүк бере алуу;
- окуганын айтып берүү;
- ыр жаттоо;
- мектептин жыйналышына уюшулган түрдө катышып, ага (жыйналышта суроо берип, пикирин кыскача айта билип) сунуш киргизе алуу.

"Биринчи жылдыктын тилдерин өстүрүү" аталышындагы эмгекте төмөндөгү методикалык сунуштар берилген:
- балдардын сөздөрүндө тактык, толуктук болсун;
- балдар заттардын аттарын билүү гана эмес, анын ар түрдүү өңүн (кызыл, көк, сары ж. б), кыймылын, убактысын (эрте, түш, кеч) бирине-бирин тендештирүү жактарын (чон-кичине, узун-кыска, он-сол ж. б), заттардын сапатын ажырата билсин;
- оозеки сүйлөмдү туура түзө билсин;
- сүйлөмдү баш-аягы кылып айтпоо, уландыларды өз оруңдарына колдонуу жактары ишке ашсын;
- баланын ою менен сөзү байланыштуу болсун.

Жогорудагы сунуштар балдардын көркөмдүк (эмоционалдык) тилдерин өстүрүүнү талап кылгандыктан, алтөмөндөгү эки жол аркылууишке ашууга тийиш:

1. Адабий тилдин көнүгүүлөрүн берүү, өздөрүнүн оюн адабий тил менен айтууга үйрөтүү;
2. Балдардын сөз ойлоп табуу жөндөмдүүлүгүн күчөтүү.

Айтылган максаттарга жетүү - балдардын сөзүн байытуу, ойлонуп туура, адабий тил менен сүйлөтүү дегендик[3, 32-б.]. С.Нааматовдун 1932-жылдагы чыккан «Тилибиздин методикасы» эмгегине окумуштуу А.Эшиев: «Бул китебинде автор байланыштуу кепти өстүрүү маселесин грамматика менен шайкеш алып барууга үндөгөн. Тил өстүрүүдө мектептин милдети, - деп айтылат китепте, - балдардын тилдериндеги кемчиликтерди жоюу, сөз байлыгын арбытуу, грамматикалык жакка карай сүйлөтүү. Балдарды туура окутууга көнүктүрүү, өздөрүн сүйлөтүп жаздыруу, сүйлөгөн сөздөрүн ачык, даана, жеңил, туура түшүнүктүү айттыруу, балдар өздөрүнүн сөздөрүн оозеки да, жазуу жүзүндө да жакшы түшүнүп түзө билүү, аларды пландуу сүйлөөгө үйрөтүү», - деп терең баалаган [7,37-б.].

Автор эмгектеринде тил жөнүндө түшүнүк берүүдө анын эки тарабына бирдей мамиле кылууну талап кылат. Башкача айтканда, «биринчиден, тил сүйлөөчүгө түшүнүктүү болсо гана, сүйлөөчү сүйлөй алат, экинчиден, угуучуга түшүнүктүү болсо гана, угуучу уга алат» [3,6-б.]. Бул пикирин андан ары улап, автор: «Тил деген сөз менен ой деген сөздөн бирдей түшүнүк алабыз. Себеби, эгер сүйлөмөк болсоң, эң мурда ойлойсуң, тилдин туура болушу, ачык айтылышы ойго, ойдун туура болушу тилге байланыштуу», - деген [3,7-б.]. Демек, С.Нааматов тилди окутууга комплекстүү мамиле кылып, тил жана кеп, тил жана ойлоо, тил жана таанып-билүү маселелерин бирдиктүү окутууну сунуш кылган.

Эне тилин окутууда окуучуларга жекече, индивидуалдуу мамиле кылуунун маанисин, зарылдыгын көрсөтө алган. Бул боюнча автордун пикирин толук келтирели: "Класстагы сабакка балдарды бир катар катыштыруу үчүн, кандай да болсо, булардын тилдерин теңөө керек. Ал үчүн орточо сүйлөгөн балага уяңдарды куудуруп жеткирип, өтө начар, жай сүйлөгөн- дөргө жардам берүү керек" [2, 22-б.].

Окуучулардын сүйлөөсүнө өзгөчө маани берген методист балдардын көргөндөрүн, уккандарын, башынан өткөргөндү- гүн, кылган иштерин ж.б. тууралуу сабакта дайыма айтып берүүсүн талап кылган. Ошондой эле сүрөт боюнча айтып берүү, сүйлөө (текст түзүү) иш-аракеттерин жүргүзүүнү да маанилүү деп эсептеген. С.Нааматов балдарды мыкты сүйлөөгө көнүк- түрүүнү бир нече түргө бөлүп, алардын ар бирине өзүнчө түшүндүрмө берген. Анын пикири боюнча, балдарды сүйлөгөнгө көнүктүрүүнүн түрлөрү булар: 1) суроо-жооп; 2) баланын аңгемеси; 3) ойлоп-сүйлөөсүн күчөтүү; 4) мугалим менен балдардын аңгемелешүүсү; 5) ыр жаттоо, көркөм айтуу; 6) драмалаштыруу жана инициpовка (автордун орфографиясында берил- ди); 7) класстын жана мектептин жыйналышына катышуу.

1930-жылы Эл агартуу комиссариатынын чечимине ылайык, «Алиппенин» авторлор коллективине Султан Курманов жана Сатыбалды Нааматов кошулуп, эмгеги «Биздин мектеп» деген ат менен басылган.

Ал эмгек тууралуу А.Э.Измайлов «Кыргыздын советтик мектебинин тарыхы» аттуу 1961-жылы жазган китебинде төмөн- дөгүдөй белгилеген: "...ушул күнгө чейин бир гана «Алиппе» менен келдик. Ырас, ал китеп басылган сайын алган тажрыйбага карата түзөлүп турду. Бирок материалдын маңызы, анын курулушу, метод түзүлүшү жагынан өзгөрүштөр болгон жок.

С.Нааматов тарабынан жазылган 3-класс үчүн «Сүйлөмдүн ээ, баяндоочун окутуу», «Сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрүн окутуу», 4-класска арналган «Көп ээлүү бирикме сүйлөм», «Каратма сөздү окутуу», «Грамматикалык текшерүү» деген бөлүк- төрүндө ошол «темаларды окутуунун үлгүлөрү» берилгени мугалимдер үчүн чоң жардам болору шексиз. Бул китеп сөз мето- дуна негизделип, талдоо-жыйынтыктоо методу менен түзүлдү. Жалаң сөз методу болсо,илими жана тажрыйбасы аз мугалим- дин окутушуна өтө кыйын болгонун тажрыйба көрсөттү. Ушул талаптар жетекчиликке алынды. Китепте темалар боюнча авторлор тарабынан түзүлгөн ар кандай мазмундагы тексттер берилип, ал өтүлүп жаткан темага ылайыкташылган"[1, 150-б.].

С.Нааматов кыргыз окуу китептеринин тарыхында 1-жолу 1929-жылы «Тунгуч» окуу китебин Ажыйман Шабданов менен бирдикте жазган. Ал китепте балдарды кантип тарбиялоо керектиги жөнүндө тексттер берилген. Мисалы «Бешик» аттуу текстте, автор бешиктин пайдалуу жактарына да токтолгон.

«Бул окуу китеби «бүтүн сөз», «сүйлөм» методдорунун негизинде жазылган, алардын методикасы иштелип чыккан» [1, 245-б.]

«Кичинекей колхозчуну» 1931-жылы С.Нааматов К Тыныстановдун сунушу боюнча «сүйлөм» методунун негизинде түзгөн. Бул алиппе китебинде бир топ шарттарды эске алуу менен жеңилден ооргo, жөнөкөйдөн татаалга жетүү принцип- тери сакталган[3].

Окумуштуунун «Кичинекей колхозчу» аттуу алиппесинин алгачкы беттеринде сүрөттөр берилип, алдына сөздөрү, алардын аттары жазылып коюлган. Ал тууралуу өзү мындай түшүндүрмө берген: «Окуучунун ой жүгүртүүсүн тереңдетүү үчүн, өздөрүн сөз улап айтууга көнүктүрүүдө сүрөттөргө карап, алдына жазылган негизги сөзгө сүрөттөрдөгү кыймыл- аракеттерди кошуп, сүйлөөсү керек"[3, 30-б.].

Методика илиминин алгачкы башаты кыргыз тилинде жарык көргөн алгачкы алиппелерден жана окуу китептеринен башталганын окумуштуу-педагог С.Нааматовдун жогоруда талдоого алынган эмгектери далилдейт.

*Адабияттар*

1. Измайлов А.Э. Кыргызстандагы советтик мектептердин тарыхы, 1961. - 250 б.
2. Нааматов С.Эне тилинин методикасы (айыл мектептери жана педтех үчүн) - Ф.: Кырмамбас, 1930. - 37 б.
3. Нааматов С.Тилибиздин методикасы. - Ф.:Кырмамбас,1932. - 36 б.
4. Нааматов С. Балдар алиппесин окутуу методу. - Ф.:Кырмамбас,1933.
5. Нааматов С. Балдар алиппеси метод катары. - Ф.:Кырмамбас,1934.
6. Нааматов, С. Башталгыч мектептер үчүн кыргыз тилинин метод көрсөтүүсү. - Ф.:Кырмамбас,1935.
7. Эшиев, А. М. Окуучулардын байланыштуу кебин өстүрүүнүн айрым жолдору. - Б.: 1995. - 58 б